МАКУЛДАШЫЛДЫ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун Окумуштуулар
кеңеши тарабынан каралды
« 26 » июнь 2023-ж.
№ 11 протоколу

БЕКИТЕМ
Б.Осмонов атындагы
ЖАМУнун ректору
т.и.д., профессор
К.Ж.Усенов

# Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИНИН СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР, ЭТИКА ЖАНА ЭМГЕК ТАРТИБИ БОЮНЧА КОМИСИССИЯСЫ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО

## I. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Бул жобого ылайык, социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча комиссия ректордун буйругу менен түзүлүп, университеттеги социалдык жана тартип меселелерин жөнгө салуу кызматын көрсөтөт.

1.2. Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча комиссия төмөнкүлөргө таянып ишмердүүлүгүн жүргүзөт:

- КРнын ЭКне, ББИ жөнүндөгү мыйзамдарына;
- КРнын Өкмөтүнүн токтомдоруна, буйруктарына;
- КРнын ББИМдин токтомдоруна, жоболоруна,
- ЖАМУнун Уставына, ички тартиби жөнүндөгү жобого, этикалык кодексине ж.б. документтерге.

## II. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР, ЭТИКА ЖАНА ЭМГЕК ТАРТИБИ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН КУРАМЫ

2.1. Комиссиянын курамы университеттин жетекчилиги тарабынан аныкталат;

2.2. Комисиия эки жылда бир түзүлөт;

2.3. Комиссиянын курамы төрагадан жана анын мүчөлөрүнөн турат (жалпы 7; 9; 11;), төрагасы (төрайымы) университеттин ректору тарабынан бекитилет жана бошотулат.

2.4. Комиссиянын жыйналышында комиссия курамынын ар бир мүчөсүнүн сунушу эске алынат.

## III. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР, ЭТИКА ЖАНА ЭМГЕК ТАРТИБИ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН ИШ ТАРТИБИ

Комиссия жыйналыш өткөрүү үчүн негиздер болуп:

3.1. Университеттеги жетекчилик тарабынан сунушталган маалыматтар, арыздар, талаш-тартыш маселелер, эмгек тартибин бузуулар жана көйгөйлүү социалдык жана этикалык маселелерди кароо сунушталса;

3.2. Университеттин ички тартип эрежелери бузулган шарт жаралып, комиссиянын дарегине кайрылуулар жолдонсо;

3.3. Университеттин кызматкерлери, профессордук-окутуучулук курамы, көмөкчү кызматкерлери, студенттери тиешелүү окуу жай тыюу салган нормалардын чегинен чыккандыгы жөнүндөгү маалыматтар жолдонсо;

3.4. Комиссиянын дарегине келип түшкөн маалыматка ылайык, комиссиянын төрагасы милдеттүү түрдө кезектеги жыйынга комиссия курамын чакырат;

- келип түшкөн кайрылууга ылайык, комиссия жыйыны чакырылат;
- жыйынга комиссия курамынын төрагасы жана ар бир мүчөсү үзгүлтүккө учуратпастан катышууга милдеттүү;
- иликтөө иши бир же эки жума убакытта жүргүзүлөт;

- комиссиянын төрагасы иликтөө ишин комиссия курамындагы ар бир мүчөгө бөлүштүрүүгө укуктуу;
- бөлүштүрүлгөн тапшырмаларды комиссия курамынын ар бир мүчөсү аткарууга милдеттүү;
- маселени карап чыгуу менен комиссия жыйыны жыйынтык чыгарат жана университеттин жетекчилигине сунуштайт, ал эми чечимди жетекчилик кабыл алат;

3.5. Комиссиянын чечим чыгаруу тартиби

- комиссиянын чечими протоколдоштурулуп, комиссия курамынын ар бир мүчөсүнүн колу коюлат;
- комиссия жыйынынын протоколунда: датасы, катышуучулардын аты, фамилиясы, ысымы жазылат;
- каралып жаткан материалдагы дооматтар, талаптар, суроолор жана башка көрсөтмөлөр да каралып толук жазылат;
- эгер комиссия мүчөлөрүнүн каршы пикири болсо, жазуу түрүндө токтомго кошо тиркелет;
- комиссия жыйынынын токтомунун көчүрмөсү университеттин тиешелүү жетекчилигине, экинчи көчүрмөсү доомат койгон тарапка берилет;

## IV. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР, ЭТИКА ЖАНА ЭМГЕК ТАРТИБИ БОЮНЧА КОМИССИЯНЫН НЕГИЗГИ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖАНА МАКСАТЫ

**Комиссиясынын ишмердүүлүгүнүн багыты:**

5.1. Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча университетте көзөмөл жүргүзүү, анализдөө, иш алып баруу, талаш-тартыш маселелерди чечүү;

5.2. Университетте иштин эффективдүү жүрүшү үчүн салым кошуу, сунуштарды даярдоо.

**Комиссиясынын негизги маселелери:**

5.3 Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча жаралган көйгөйлүү маселелерди анализдөөгө түздөн-түз катышуу.

## V. СОЦИАЛДЫК МАСЕЛЕЛЕР, ЭТИКА ЖАНА ЭМГЕК ТАРТИБИ БОЮНЧА КОМИССИЯСЫНЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

**Комиссиянын төрагасына өзгөчө жоопкерчилик жүктөлөт, алар:**

5.3. Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча комиссиясынын ишин уюштурууда жана негизги максат, милдеттерин, реалдуу жана объективдүү чечим чыгарууну жобонун негизинде ишке ашыруу;

5.4. Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча комиссиясынын иш кагаздарын жобого жана эрежеге ылайык объективдүү, ыкчам жана сапаттуу аткаруу;

5.5. Социалдык маселелер, этика жана эмгек тартиби боюнча комиссиясынын ишмердүүлүгүн, функционалдык милдеттерин, жүктөлгөн милдет тартибин сактоосун, так аткаруусун көзөмөлдөө.

Түзүүчүлөр: Акматова А.Т.
Турдубаев Э.К.